Макулдашылды
Кемин БББ башчысы
Тулебаева А.А.

Бекитемин:
А.Бакаев атындагы
Ильич жалпы билим берүү мектебинин
директору: Мамункулова А.Т.

**Кемин районунун Ильич айылындагы Анарбек Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү орто мектебинин 2017-2021 окуу жылдарына чейин түзүлгөн 5 жылдык стратегиялык планы.**

**“А. Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү орто мектебинин миссиясы:**

Жалпы билим берүү менен бирге, окуучуну билим алууга даярдоого карата мурдатан коюлган, анын белгилүү бир чөйрөдөгү натыйжалуу,үзүрлүү иши үчүн зарыл болгон социалдык талаптарды толук аткаруу;

окугандардын билим алуудагы, кесиптик ишиндеги жана социалдык-экономикалык турмуштагы потенциалдарын ийгиликтүү ишке ашырылышы үчүн керектүү компетенцияны калыптандырууга тийиш болгон максаттарды ишке ашыруу;

окуучуларды тарбиялоодо жана билим берүүдө тиешелүү билимди, ыктарды , тажрыйбалык көндүмдөрдү камсыз кылуу

Окуу процессинде каалаган натыйжага жетүү үчүн ошол процессте көмөк көрсөтүүчү ресурстарды ( адамдык, материалдык-техникалык, окуу-методикалык, маалыматтык) камсыз кылуу.

Негизи: Негизги билим берүүнүн мазмунун жаңыртуу стратегиясы: негизги жалпы билим берүүнү жаңыртуу, документтерди иштеп чыгуу үчүн материалдар, Кыргыз Республикасынын , Билим берүү жана илим министрлиги ( Жаңыланган Мамлекеттик Билим берүү стандарты боюнча окутууга акырындык менен өтүү.(2014-жылдын 21-июнундагы№ 403 КРӨ токтому менен бекитилген)

## Мектептин максаты:

Мамлекеттик стандарттардын талаптарын жүзөгө ашыруу максатында, окуучуларды тарбиялоодо жана билим берүүдө ,алардын коомдогу активдүү иши үчүн жетиштүү болгон, анын баскычтарына тиешелүү билимди, ыктарды, тажрыйбалык көндүмдөрдү камсыз кылуу.

## Мектептин милдеттери:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мыйзамдарын " Билим берүү жөнүндө" жана " Мамлекеттик тил" жөнүндө мыйзамдарды аткаруу.

- Инновациялык методду колдонуу менен билим берүүнүн сапаттуулугуна жетишүү, зээндүү жана жетишпеген окуучулар менен жекече иш алып баруу;
- изденип иштөө, пикир алмашуу;
- интернет байланышын түзүү жана компьютерлер, интерактивдүү такта , проектор менен камсыз кылуу.
- китепкананы окуу-усулдук жана көркөм адабияттар, методикалык программалар менен камсыз кылуу

**1 стратегиялык максат:**

| № | *Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү* | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектепти өнүктүрүүнүн ( стратегиялык) планын мектептин муктаждыктарын эске алуу менен иштелип чыгат | + | + | + | + | + |
| 2 | Ишке ашыруу<br>-Мектептин –материалдык техникалык базасын жогорулатуу боюнча иш алып баруу | + | + | + | + | + |
| 3 | Окутуу процессин оптималдаштыруу. | + | + | + | + | + |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Мектепти онүктүрүүнүн стратегиялык планын материалдык- техникалык жана окуу материалдык базаны чыңдоо боюнча толуктоолор киргизилет. | | | | | |
| 4 | Инновациялык методду колдонуу менен билим берүүнүн сапаттуулугуна жетишүү, зээндүү жана жетишпеген окуучулар менен жекече иш алып барылат. | + | + | + | + | + |
| 5 | Мектептин Веб-сайтын түзүү | | | | | + |

**2-стратегиялык максат: Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу, мугалимдердин тажрыйбаларын райондук, облустук масштабда жайылтуу.**

| № | Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мугалимдердин сабактарды пландаштыруу көндүмдөрү жакшырат | + | + | + | + | + |
| 2 | Мугалимдер баалоо системасын колдоно алышат | + | + | + | + | + |
| 3 | Окуучулардын компетенттүүлүгү жогорулайт | + | + | + | + | + |
| 4 | Окуу-тарбия процессинин сапаты жакшырат | + | + | + | + | + |

**Анарбек Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү мектебинин 2017-жылдан 2021-жылга чейин түзүлгөн 5 жылдык стратегиялык планы.**

| № | Аткарыла турган иш-чаралар. | Маалымдама |
|---|---|---|
| 1 | Башкаруу чөйрөсү<br><br>Билим берүү уюмунда администрация менен мугалимдердин өз ара кызматташуусунун так механизими бар.<br><br>Жергиликтүү коомчулук жана жергиликтүү бийлик менен , укук коргоо органдары менен кошо тыгыз кызматташуу. | Ар бир жаңы окуу жылында жылдык пландын негизинде директордук текшерүү иштер, билим сапатын техшерүүчү тестирлөөлөр, предметтик олимпиадалар, башталгыч класстардын билим сапатын, окуу техникасын техшерүү системалуу түрдө өткөрүлөт. Анын жыйынтыгы мониторинг аркылуу ар бир чейрек сайын чыгарылат.Чыгарылган жыйынтык боюнча ийгиликтер директордун алдындагы жыйналышта, педагогикалык кеңеште талкуланат. Мектеп жамааты жана жергиликтүү бийлик органдары, укук коргоо органдары менен тыгыз байланышта иш алып барат.<br><br>2019-жылы план боюнча<br>Ильич айыл өкмөтүнүн башчысы Жетенбаев К,Р.га кайрылып мектепке сууга филтр койулду.<br>Мектептин ашканасы толук идиштер менен камсыз болду.<br>Бир класс кабинетине 27 комплект парта алынды.<br>Информатика кабинетине 10 жаны компьютерлер алынды.<br>Ар бир кабинетке интернет зымы тартылды. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Дезинфекциялоочу өтмөгү сатылып берилди. |
| 2 | Окуучулар жана мугалимдер чөйрөсү.<br><br>Мектепте окуучулардын күчү менен карама-каршылыктарды чече турган жол-жоболорду же түзүмдөрдү түзүү.( медиациялык командалар, мектеп парламентинин командасы)<br><br>Мектептин жалпы пед.колективинин квалификациясын жогорулатуунун перспективдүү планын түзүп аны ишке ашыруу.<br><br>Жаш квалификациялуу педагогикалык кадрларды толуктоо. Алар менен иш алып баруу. | А.Бакаев мектебинде окуучулардын күчү менен карама-каршылыктарды чече турган мектеп парламенти медициялык ишти жол-жобосу менен алып барат.<br><br>Мектепте мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча жыл сайын перспективдүү планы түзүлөт. Акыркы 5 жылда төмөндөгүдөй көрсөткүчтөрдү берди.<br>2017-2018-окуу жылында 23%<br>2018-2019-окуу жылында 24%<br>2019-2020-окуу жылында 24%<br>2020-2021-окуу жылында 23%<br>2021-2022-окуу жылында 24% мугалимдер квалификациясын жогорулатышты. Ошондой эле быйылкы жылда 2 жаш,1 жогорку окуу жайдын мугалимдер келип иштеп жатышат, ал эми пенсия курагындагы мугалимдер 7. Мектепте азыркы учурда 16 жогорку анын ичинде магистратураны окуп жаткан мугалимдер 3. Сырттан окуу болумундо окуп жаткан мугалимдер 4. |
| 3 | Ата-энелер жана мектептин бүтүрүүчүлөр чөйрөсү.<br><br>Мектептин жана ата-энелер менен мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн арасынан активисттердин потенциалын жогорулатуу.<br><br>Мектепте ата-энелерди, жергиликтүү коомчулукту жана алардын демилгеси менен башка катышуучуларды тартуу менен долбоордук ишти уюштуруу үчүн спорт зал куруу. | Ошондой эле мектепте окуучулардын тарбиясын жакшыртуу жана билим сапатын жогорулатуу максатында “ Энелер мектеби” ачылган. Жумасына бир жолу балдарга туура тарбия берүү жана окутууга арналган кызыктуу темаларда энелерге сабак өтүлүп турат<br><br>Ата энелер тарабынан 30 миңге бир кабинетинин оформлениеси бүттү.“Кемин келечек” фондунан эмеректер менен камсыз болдук. |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Мектептин коопсуздугу боюнча ишмердикти уюштуруу. Окуучулардын саламаттыгын коргоо.<br><br>Мектепте сергек жашоо боюнча иш-чараларды өткөрүү. Маалыматтык материалдардын болушу.<br><br>Мектепте азыркы кырдаалга байланыштуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди сактоо максатында талапка ылайык жабдуулар менен жабдуу. Ар бир кабинеттерде аптечкалар, антисептиктер,маскалар, аралыктан дене табын текшерүүчү термометрлер менен камсыз кылуу.<br>Мектептин баштапкы кире бериш эшигинде дезинфекциялоочу өтмөктү койдуруу.<br>Мектепте жакшы сапаттагы сууну жеткирүү, киргизүү.<br><br>Туштөнүү жайына окуучулардын кол жууй турган чорголорду орнотуу. Кол жууй турган каражаттар менен камсыздоо.(самын, кагаз сүлгү)<br><br>Мектептин ичине дааратканa салдыруу. | Анарбек Бакаев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде техникалык паспорту Кемин райондук архитектурасы тарабынан бекитилген, өрт коопсуздук сейсмикалык коопсуздуктар жана өзгөчө кырдаалдар инструкция жыл сайын кадрларга тааныштырылып , каттоо журналына кол коюп турушат. Ар бир класста класстык саатар өтүлүп, класстык бурчтар уюштурулган. Окуучуларга өрт коопсуздугу жана техникалык коопсуздугу боюнча инструктаж өтүлүп журналдарга окуучулар кол тамгасын коюшат.<br>Азыркы кырдаалга байланыштуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди сактоо максатында талапка ылайык жабдуулар менен жабдылган. Ар бир кабинеттерде аптечкалар, антисептиктер,маскалар, аралыктан дене табын текшерүүчү термометрлер бар.<br>Мектептин баштапкы кире бериш эшигинде дезинфекциялоочу өтмөгү коюлган. |
| 5 | Мектепти жашылдандыруу жана тегерегинин аймагы.<br><br>Мектептин класстарындагы жашылдандыруу жана мектептин аймагын 50% дан кем эмес жашылдандыруу.<br><br>Окуучуларды жана ата-энелерди мектепти жашылдандыруу иштерине тартуу.<br><br>Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жашылдандыруу маселелери боюнча кызматташуу. | Мектептин аймагы 70% дан кем эмес жашылдандырылган. 20 түп алма бак бар.Мектептин тегерегинде 50 түп балаты, 40 түп терек жана 50түп роза, 5 түп арча тигилген.Быйылкы окуу жылында айыл өкмөтүнүн жардамы менен дагы 30түп кал.розалар- ды жана Нац.парк тарабынан 100 түп терек тигилгени турат. Ар бир класстарда гүл челектер ата-энелер тарабынан сатылып берилет. Класс кабинеттер 100% жашылдандырылган. Мектептин залында, терезелерде гүлдөр коюлган. |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | Жарыктандыруу жана окуучулардын тамагы.<br><br>Мектепте класстардагы жарыктандырууну жаңыртуу.<br><br>Ашкананын жарыктандыруусун жаңыртуу.<br><br>Корридордун жарыктандыруусун жаңыртуу.<br><br>Мектептин ашканасына суу киргизүү жана капиталдык ремонттон өткөрүү.<br><br>Ашкананы керектүү техникалык жабдуулар менен камсыздоо. | Мектеп проект боюнча 2022-жылытолугу менен капиталдык ремонттон өткөрүлгөнү турат.<br>2017-жылда мектептин ашканасы ремонттон өткөрүлүп, мектепке - суу киргизилип, аристондор, раковиналар орнотулуп, ысык-муздак суу менен камсыздалды. электродуховка, стеллаждар, столдор,кастрюлдар, тараза,жироуловитель, идиш жуучу ванна эки сексиондук жабдуулар менен камсызкылды, ашканага суу фильтри коюлган..<br><br>А.Бакаев мектебинде кабинет, ашкана жана корридордун жарыктандыруусун жаңыртуу иши айыл окмот тарабынан каржыланып керектүү мектептин корридоруна жаны гул челектерге гулдор отургузулду. Кабинеттерге жаны эмеректер сатылып берилип ишке ашты.<br>Ильич а\о менен тыгыз байланышта иштеп, мектептин көп иштери бүтүүдө жана дагы пландаштыруу иштери жүрүп жатат.<br>Мектептин электр зымдарын толук жаныртуу пландалууда. |
| 7 | Маалыматтык коопсуздук жана кошумча ийримдерди киргизүү. | Мектепте 15 компьютер, 2 телевизор,2 ноутбук, 1 экран, 1 проектор, 2 принтер, 1 ксерокопия,1 планшет бар. Ошондой эле мектептин китепканасында мектептин окуу китептерин электрондук вариантка киргизүү үчүн китепкана “Развитие сектора: Укрепление системы образования” долбоору аркылуу 85305,45 суммадагы толук компьютер,сканер,ксерокопия, вебкамера,наушниктер менен камсыз болуп интернетке туташтырылган. Информатика кабинетине 10 жаны компьютерлер алынды.<br>3 кабинетке интернет зымы тартылган. Баардык класстарга |

| | | |
|---|---|---|
| | | интернет зымы тартылуу пландалууда.<br>2019-жылы мектепте кошумча ийримдерди киргизүү максатында Ильич орто мектебинин бир мугалими “окуу борборуна барып менталдык арифметика жана шар окуу методикаларынын курсун окуп келишип, “ Шар окуу” жана “ Менталдык арифметика” ийримин ачты. |
| 7 | Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо.<br>1. Мектептин эшиктерин которуу.<br>2. Мектептин ичиндеги электр зымыдарын жана жарыктандыруу иштерин толук жаңылантуу.<br>3. Мектептин тегерегин тосуу.<br>4. Мектептин ичин жана сыртын толук ремонттон откоруу .Мектепте 20 люкстан кем болбогон тышкы жасалма жарыктандыруу орнотуу.<br>5. Мектепке ички дааратканa киргизүү.<br>7. Спорт зал салуу<br>8. Сырткы даараткана салуу | Ильич а\ө менен тыгыз байланышта иштеп, мектептин көп иштери бүтүүдө жана дагы пландаштыруу иштери жүрүп жатат. 2017 - 2018-окуу жылында бюджеттен Ильич а/ө тарабынан мектептин чатыры толук которулду жана электр жылытуу системасын от жагуу жылытуу системасына которуу максатында от жагуу жайын куруп берүү ишин быйылкы бюджете каралып киргизилди. 2022-2023-окуу жылына мектептин тегерегин тозуу, 10 люкстан кем болбогон тышкы жасалма жарыктандыруу орнотуу, айыл өкмөт менен биргеликте проект жазып мектепке спорт зал салуу пландаштырылууда. |